Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
20-21. sayı 2015

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
20-21-саны 2015

# АХМАД ИБН ХАНБАЛ ЖАНА “МУСНАД “ АТТУУ ЧЫГАРМАСЫ

Кудрет АРТЫКБАЕВ
PhD. Кастомону университети

**Аннотация**

Ахмат ибн Ханбал Хадис илиминде гана эмес, бүтүндөй Ислам маданиятында өтө чоң кадыр баркка ээ болгон. Аббаситтер Халифаты өкүм сүрүп турган мезгилде болуп өткөн Михна окуясы Ахмад ибн Ханбалдын илимий жана жеке жашоосуна өтө терең таасирин тийгизген. Михна окуясы ошол эле мезгилде Ахмад ибн Ханлдаын жана анын чыгармасынын аброюн көккө көтөргөн десек жаңылбайбыз. Ал жашоосунда көп кыйынчылык көргөндүктөн, чыгармасы бүтө электе көз жумган. Ошондуктан анын уулу Абдуллах жана шакирти аль-Катий чыгармасына кошумча маалыматтарды да кошуп, бүткөрүшкөн. Бирок бул абал түрдүү талаш-тартыштын да башаты болуп калган.

**Ачкыч сөздөр:** Хадис, Ахмад ибн Ханбал, Муснад, Михна.

## AHMAD İBN HANBAL AND THE MUSNAD

**Abstract**

Ahmad b. Hanbal is a personality having a significant place not only in the knowledge of hadith but also in the History of Islam Culture. The Mihna Event that had happened in the Era of the Abbasid Caliphate engraved the personality and the scientific personality of Ahmad b. Hanbal. It is possible to say that the Mihna Process contributed a great value both to Ahmad b. Hanbal and to his work. The troubles he had experienced caused that he could not give a final shape to his work and his son Abdullah and his student al-Kati’i made some additions and amendments in that work. However, that event caused various discussions.

**Keywords:** Hadith, Islamic Culture, Ahmad ibn Hanbal, al-Musnad, The Mihna Event.

Улуу хадисчи жана Ислам укукчусу болгон Ахмад Ибн Ханбал жана анын чыгармалары тууралуу өлкөбүздө жетишээрлик деңгээде изилдөөлөр жокко эсе. Чыгыштаануу жаатында да өтө чоң мааниге ээ болгон Хадис изилдөөлөрүндө өзгөчө чоң орунду ээлеген Ахмад Ибн Ханбал жана анын “Муснад” деген чыгармасы, Батыш чыгыштаануу илиминде да, Ислам дүйнөсүнүн илимий чөйрөсүндө да түрдүү талаш-тартыштын башаты болуп келген. Бул талаш-тартыштар Ахмад Ибн Ханбалдын төрт чоң Сунний укук мазхабынын бири болуп эсептелген Ханбалийлик мазхабынын негиздөөчүсү болгондугунда жана ошондой эле анын өмүр таржымалында, ой-пикиринде жана анын калеминен жаралган “Муснад” деген

чыгармасынын тегерегинде өнүгүп өөрчүгөн жана бизге чейин жетип келип, дагы деле кызуу талкууда. Ахмад Ибн Ханбал жана анын "Муснад" деген чыгармасы хадис илими жана Ислам маданиятында өтө чоң мааниге ээ десек жаңылбайбыз. Бул жагдайда түрдүү изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Биз, бул макалада Ахмад Ибн Ханбал жашаган замандын жалпы тарыхый абалын, "Михна" окуясынын Ахмад Ибн Ханбалдын илимий түшүнүгүнө тийгизген таасирин жана "Муснад" деген чыгармасындагы талкууга негиз болгон кээ бир жайдайларды талдап, алардын үстүнөн анализ жүргүзүүгө аракет кылабыз.

**Ахмад Ибн Ханбал жашаган чөйрөнүн жалпы саясий жана маданий абалы**

Ахмад Ибн Ханбал Хижра жылсанагы боюнча 164 - жылы (Григорий жылсанагы боюнча 780- ж.) өз доорундагы маданияттын жана сооданын борбору болуп турган жана ошондой эле Аббасийд Мамлекетинин борбору болгон Багдатта төрөлгөн. Бирок теги Басра шаарындан экендиги да айтылып жүрөт. Ахмад Ибн Ханбал араптардын "Бани Шайбан" уруусунан болот.[1] Чоң атасы Ханбал Ибн Хилал, Омейя хилафаты (661-750 ж.) учурунда илимдин жана сооданын маанилүү борборлорунун бири болгон жана учурда Иран жана Түркменистандын жана бир бөлүгү Афганистанга кирип кеткен Сарахс өрөөнүн губернатору болуп турган. Ахмад Ибн Ханбалдын атасы отуз жаштарында көз жумгандыктан, энесинин колунда тарбияланат.[2]

Ахмад Ибн Ханбал, Омейя мамлекети кулап, анын ордуна Аббасид халифаты өкүмү сүрүп турган мезгилде төрөлгөн. Ал Аббасид дөөлөтүнүн дүркүрөп өсүп, өнүгүп турган мезгиленде жашап өткөн. Харун ар-Рашид, Халиф Амин, Халиф Мамун, Халиф Мутасым, Халиф Васык жана Халиф Мутаваккил доорлору Аббасид халифатынын саясий жактан эң стабилдүү мезгили деп айта алабыз. Ошондой эле, Ахмад Ибн Ханбал жашаган мезгилде, Ислам маданияты бир топ жаатта жакшы жетишкендиктерге жетишип, бир топ илим тармактарында;

[1] Абу Бакр аль-Хатиб Ахмад ибн Али ибн Сабит Хатиб аль-Багдадий, **Тарих аль-Багдад Ав Мадинат аль-Салам,** Дар аль-Кутуб аль-Илмия басмасы, Байрут шаары, басылган жылы жазылган эмес, том-IV, 415-бет.

[2] Шамсаддин Мухаммад Ибн Ахмад Ибн Осман аль-Захабий, **Сийеру Аълам аль-Нубала,** Муассасату аль-Рисала басмасы, Байрут шаары, 1982-ж., том-XI, 179-бет.

мисалы физика, математика, астрономия жана философия сыяктуу илимдерде өтө чыгаан аалымдар чыккан.[1]

Ошол учурларда Ислам илимдеринде да чоң жетишкендиктер жана ийгиликтер жаралган десек жаңылбайбыз. Тафсир билиминдеги алгачкы маанилүү чыгармалар, Мукатил Ибн Сулайман, Яхья Ибн Саллам ж.б. аалымдар тарабына жазыла башталган. Бул мезгилде укук жаатында да маанилүү жана таанымал аалымдар чыга баштаган жана Абу Ханифа, Авзаи, Абу Давут аз-Захири сыяктуу Ислам укукчулары ошол доордо жетишкен чыган аалымдардан болгону бир нечеси гана.

Ошондой эле хадис билиминде да чоң жетишкендиктер өз мөмөсүн берип, Ибни Шихаб аз-Зухрий менен башталган жан үрөп жыйналган хадистер топтолгондон кийин, ошол замандын талабына ылайык хадистерди бөлүштүрүү иштери жүргүзүлгөн жана хадис илиминдеги ийгиликтердин натыйжасында “Муснад”, “Жамиъ”, “Мусаннаф” жана “Сунан” түрүндөгү чыгармалар жазыла баштаган. Албетте, мындай чыгармалардын жазылуусуна түрткү болгон эң негизги факторлодун бири Исламдык илимдердин өз өзүнчө өнүгө баштаганы жана ошондой эле түрдүү мазхаптардын пайда болуусу, кайсы бир темадагы риваяттарды бир жерде табуу максатында Мусаннаф, Жамиъ жана Сунан түрүндөгү чыгармаларды жазуу зарылдыгы келип чыккан. Ушундан улам болсо керек жүргүзүлгөн илимий иш-аракеттердин натыйжасында, Хижра жылсанагы боюнча үчүнчү кылым “Хадис илиминин алын доору” деп аталган.

Жогоруда кыскача белгилеп өткөндөй эле, Ахмад Ибн Ханбал, өтө кең илимий иш-аракеттер жана жетишкендиктер болгон доордо, ошондой эле бул иш-аракеттер жана өнүгүүлөрдүн эң негизги борборлорунун бири болгон Багдат шаарында төрөлгөн жана ошол жерде чоңойгон. Тактап айтканда, Ахмад Ибн Ханбал космополиттик жана бай маданий чөйрөдө тарбияланган.

**Билим алган чөйрөсү жана устаздары**

Ахмад Ибн Ханбал, Багдат шаарында нахив (Арап тилинин грамматикасы), фыкх (Ислам укугу) жана хадис таалимин алгандан кийин, 795-жылынан тарта өз өмүрүн хадис илимине арнаган. Фыкх жана хадис таалимин, бул жаатта таанылган, күчтүү бир нече аалымдан алган. Алгачкы

[1] Карап көрүңүз: Хаккы Дурсун Йылдыз, **"Аббасийлер"** Ислам Энциклопедиясы, Станбул шаары, 1989-ж., Том-1, 31-48-беттер.

устаздарынын бири, таанымал хадисчи Хушайм Ибн Башир аль-Васитий болуп саналат. Ахмад Ибн Ханбал андан көптөгөн хадис жазып калган жана төрт жылга жакын сабак алган.[1] Таанымал Француз чыгыштаануучу Генри Лаоуст, Суфян Ибн Уяйнаны (өлгөн жылы: 813-14) негизги устазы катары белгилеп өткөн.[2]

Ахмад Ибн Ханбал чоң факих (Ислам укукчусу) Абу Юсуфтун (Якуб Ибн Ибрахим аль-Куфи) (өлгөн жылы: 798-ж.) сабактарына да катышкан, бирок кийинчерек өкүм чыгарууда "Рай" (жеке пикир, өкүм берүүдө Куран жана хадистерге таянуу менен бирге укукчунун өзүнүн жеке пикирин да билдирүүсү) жаатында кайчылаш пикирлерден улам андан сабак алуудан баш тарткан.[3] Ахмад Ибн Ханбалдин устаздарынын арасында Имам Шафий да бар деп айтылып жүрөт. Бирок, Ахмад Ибн Ханбал, Имам Шафинин методунан пайдаланган болсо да, Шафий да анын көөнөрбөс хадис казынасынан пайланаган деп айтылат. Мына ошондуктан Ахмад Ибн Ханбал жана Шафиинин ортосундагы байланыштын, устаз-шакирттин ортосундагы сый мамиледей эмес, эки аалымдын ой толгоп, талкуу жүргүзгөн баарлашусундай болгон деп айткандар да бар.[4]

Ахмад Ибн Ханбалдин башка таанымал устаздарынын арасында, Ибрахим ибн Язид аль-Нахаий, Абдуррахман Ибн Махдий, Вакиъ Ибн Жаррах, Яхья Ибн Саид аль-Каттан, Абдуррахман Ибн Махдий, Абдурраззак Ибн Хаммам, Абу Мусхир аль-Димашкий (757-833-ж.) сыяктуу аалымдар бар.

Ахмад Ибн Ханбал, эң көп хадисти Вакиъ Ибн Жаррахтан жазган. Ошондой эле, Муснад аттууу чыгармасында айтылган риваяттарга караганда, ал таалим алган устаздардын саны 280ге чукул болгон. Ал Багдаттагы хадисчилерден билим алгандан кийин, хадис таалимин аяктоо үчүн алгач Куфа шаарына, андан кийин төрт жолу Басра шаарына барган, ошондой эле Макка, Мадина, Дамаск, Алеппо жана Жазира сыяктуу Ислам билим борборлорун кыдырып, терең билим алган.

Ахмад Ибн Ханбалдын фыкыхтагы көз караштарында Сүннөт темасы айрыкча чоң мааниге ээ. Анын таанымал

---

[1] Талат Кочйигит, **Хадис Тарыхы,** Туркия Диянет Фонду басмасы, Анкара шаары, 239-бет.

[2] М. Генри Лаоуст (M. Henri Laoust), **"Ахмад Ибн Ханбал"**, Француз тилинен которгон: Исмет Кая уулу, Диянет илмий журналы, том-XVI, 1-чыгарылыш, 19-бет.

[3] Захабий, **Сийеру Аъламу аль-Нубала,** том-XI, 185-бет.

[4] Карап көрүңүз: Ферхат Кожа, **Ахмат Ибн Ханбал,** Туркия Диянет Фонду басмасы, Анкара шаары, 2008-ж., 21-бет.

окуучуларынан Ахмад Ибн Марвазийнин айтканына караганда, Ахмад Ибн Ханбал ар бир жазган хадисин аткарууга өтө чоң көңүл буруп, так жана туура жасаганга аракет кылган. Ал гана эмес, Мухаммад Пайгамбардын өзүнөн кан алдырып, кан алган адамга бир динар акча бериңиз деген риваятына жараша, өзү кан алдырып, кан алган адамга да бир динар берген.[1]

Макаланын кийинки бөлүмдөрүндө кеңири айтыла тургандай, Ахмад Ибн Ханбалдын Михна окуясы болгон учурда, айрыкча өзүнүн замандашы болгон кээ бир хадисчи жана аалымдардын саясатка карата манералары жана илимий ой-пикир жана ишенимдериндеги түрдүү тажрыйбалары, анын илимий сапатына, философиясына жана хадис методологиясына айрыкча "жарх жана таъдил" (Хадис илиминде равилердин сындалышы) темаларындагы критерийлерине түздөн түз өз таасирин тийгизген.

Ал, аалымдардын жана хадис айткан равилердин Михна окуясына карата билдирген реакциясын жарх жана таъдилге өлчөм катары алган. Мисалы өзү "зайыф рави" болгонуна карабастан, Михна окуясында Ахмад Ибн Ханбалдын пикирин жактыргандыктан Мухаммад ибн Хумайд аль-Разийнин риваяттарын "Хасан"[*] деп эсептеп, ал эми Михна окуясында Мутазиланын басмырлоосуна чыдай албай, алардын айтканына көнгөндөрдүн арасында Яхья Ибн Маин, Абу аль-Таммар жана Абу Курайб Мухаммад Ибн Алаа аль-Хадрами сыяктуу адамдардан, хадисчилердин арасында кадыр-барктуу болсо дагы, алардан хадис жазып алууну жактырган эмес.[2]

### Ахмад Ибн Ханбал жана "Михна" окуясы

---

[1] Абу аль-Фараж Абдуррахман Ибн Аль-Жавзий, **Манакибу аль-Имам Ахмад Ибн Ханбал,** Матбаату аль-Саада басмасы, Египет, басылган жылы жазылган эмес, 179-бет.

[*] Хадис термини катары Сахих (эң жакшы) хадис менен зайыф (начар) хадистин ортосунда орун алган, бирок сахих хадиске жакыныраак болгон хадистин бир түрү болуп саналат.

[2] Кеңири маалымат алуу үчүн: Мехмет Эмин Өзафшар, **Идеоложик Хадисчилигин Тарихий Арка Планы,** Анкара Окулу басмасы, Анкара шаары, 1999-ж., 64-151-беттер; Ферхат Кожа, **аталган чыгармасы,** 58-59-беттер.

Сөздүк мааниси “сурак кылуу, өтө кыйын сыноодон өткөрүү” деген “м-х-н” уңгусунан жасалган Михна, “суракка алып, кыйноо” деген маанини билдирет.[1]

Аббасид Халифсы Абдуллах аль-Мамундун (813-833 ж.) Тарсус шаарына жасаган жоортуулунда, Ракка шаарындан Багдаттын губернатору Исхак Ибн Ибрахимге жиберген каты, иш жүзүндө Михна окуясынын башталгычы болуп саналат.[2] Халиф Абдуллах аль-Мамун, казылар менен Абдуррахман Ибн Юнус жана Яхья Ибн Маин сыяктуу таанымал хадис аалымдарын Куран жаратылганбы же жаратылган эмеспи (Халк аль-Куран) деп суракка алынсын деп буйрук берет. Губернатор Халифтин бул буйругун аткарган жана суракка алынган бардык тиешелүү адамдар Халифтин каалосун орундатып, ал каалагандай жооп берген.[3]

Андан кийин Халиф Абдуллах аль-Мамун аты аталган губернаторго экинчи жолу кат жиберип, суракка алына турган адамдардын аты-жөнүн маалымдаган. Суракка алына турган адамдардын арасында Ахмад Ибн Ханбал, Али Ибн аль-Мадиний, Мухаммад Ибн Нух, Бишр Ибн Валид аль-Киндий сыяктуу көптөгөн аалымдар да бар болчу. Бул аалымдардын көпчүлүгү, Халиф каалагандай мааниде жооп беришкен, бирок Ахмад Ибн Ханбал, Мухаммад Ибн Нух, Каваририй жана Хасан Ибн Хаммад аль-Сажжада сыяктуу аалымдар Халифка каршы жооп беришкен. Андан кийинки сурактарында да, Каваририй жана Хасан Ибн Хаммад аль-Сажжада пикирлерин өзгөртүшкөн; Ал эми Ахмад Ибн Ханбал жана Мухаммад Ибн Нух болсо өз пикирлерин туура деп, айтканынан кайтышкан эмес.[4]

Ошол мезгилде Тарсус шаарында жүргөн Абдуллах аль-Мамун, алар менен жолукмакчы болот, Мухаммад Ибн Нух менен бирге Ахмад Ибн Ханбал, Багдаттын губернатору Исхак Ибн Ибрахим тарабынан чынжырга байланып, жолго чыгарылат. Бирок алар Ракка шаарына жетишкенде Халиф дүйнөдөн кайтты деген кабар келет. Ошондон улам кайра Багдат шаарына

---

[1] Абу аль-Фазыл Мухаммад Ибн Мукаррам Ибн Али аль- Ансарий Ибн Манзур, **Лисан аль-Араб,** Дару Садр басмасы, Байрут шаары, 1956-ж., том-13, 401-бет.

[2] Абу Жафар Ибн Жарир Мухаммад Ибн Жарир Ибн Язид Табарий, **Тарих аль-Табарий: Тарих аль-Умам ва аль-Мулук,** Дару Сувайдан басмасы, Байрут шаары, басылган жылы жазылган эмес, Том-VIII, 631-бет.

[3] Табарий, **аталган чыгармасы,** том-VIII, 633-634-беттер.

[4] Табарий, **аталган чыгармасы,** том-VIII, 643-645-беттер.

жиберилет. Бир топ убакыт өткөндөн кийин, Ахмад Ибн Ханбалды коё беришкен.[1]

Михна окуясы Халиф Мутасым жана Халиф Васыктын учурунда да (842-847 ж.) мезгил мезгили менен кайталанып турган. Халиф Васык көз жумгандан кийин Михна окуялары басаңдаган. Халиф Аль-Мутаваккиль Алаллахтын (847-861 ж.) бийликтеги алгачкы жылдарында катуу көзөмөлгө алынып, аткарылган болсо да, 849-жылы, Аль-Мутаваккиль Алаллахтын буйругу менен “Халк аль-Куран” талаш-тарышына тыюу салынып, Михна окуясынын тегерегиндеги талкуулар токтотулган.[2]

Ахмад Ибн Ханбал, Халиф Васык көз жумганга чейин үйүндө көзөмөлдө турду. Беш жыл боюнча уулдарынан башка эч кимге хадис риваят кыла алган эмес.[3]

Көңүлдү бурган дагы бир жагдай, Ахмад Ибн Ханбалдын Михна окуясынан мурдагы жашоосу  жөнүндө, айрыкча сабак бере баштаган мезгилден тартып Михна окуясына чейинки мезгил жөнүндө өтө аз маалымат болгондугунда жатат.[4] Бирок Михна жана андан кийинки мезгилге байланыштуу өзүнчө чыгармалар жазылган жана “Табакат” (Биография) китептеринде атайын орун берилип, ал тууралуу көптөгөн маалыматтар жазыла баштаган.

Бул жагдай, Ахмад Ибн Ханбалдын Михна окуясындагы позициясына жана ошол аркылуу келген атак даңкка байлануштуу десек болчудай. Ахмад Ибн Ханбал, Михна окуясы натыйжасында өтө чоң атакка жетишкен. Ахмад Ибн Ханбал Михна окуясындан мурун Яхья Ибн Маин жана Али Ибн Аль-Мадиний сыяктуу эл тааныган хадисчилерден бири болсо дагы, эч убактта эң алдынкы хадисчи болуп эсептелген эмес. Бирок Михна окуясында көрсөткөн эрдиги анын аттын кашкасындай таанымал болуусун камсыздаган.[5] Михна окуясынын артынан Ахмад Ибн Ханбал тууралуу өтө көп сандагы риваяттар айтыла баштаган, көбүнүн тарыхый чындыкка канчалык төп келгендигин аныктоо да кыйынга тура баштаган.[6]

---

[1] Табарий, **аталган чыгармасы,** том-VIII, 645-бет.

[2] Карап көрүңүз: Захабий, **аталган чыгармасы,** 265-бет.

[3] Z Карап көрүңүз: Захабий, **аталган чыгармасы,** 264-265-беттер.

[4] Волтерь М. Паттон (Walter M. Patton),  **Ahmed Ibn Hanbal and the Mihna**, E. J. Brill басмасы, Лейден шаары, 1897-ж., 8-бет.

[5] Карап көрүңүз: М. Э. Өзафшар, **аталган чыгармасы,** 66-бет.

[6] Карап көрүңүз: М. Э. Өзафшар, **аталган чыгармасы,** 67-бет.

Ахмад Ибн Ханбал, 855-жылы, болжол менен 75 жаштарында өзү төрөлүп-өскөн Багдат шаарында көз жумган.

**Ахмад Ибн Ханбалдын чыгармалары**

Муснаттан сырткары да Ахмад Ибн Ханбалга таңууланган чыгармалардын көпчүлүгү, окуучуларынын ага берген суроолоруна жараша берген жооптору жана ар түрдүү себептерден улам айткан пикирлери, окуучулары тарабынан жыйналып, ошонун натыйжасында китеп болгон. Ахмад Ибн Ханбалга таңууланган хадис, фыкх жана тафсир сыяктуу тармактарда жазылган көптөгөн чыгармалары бар, алардын ичинен "Аль-Масаиль" деген чыгармасы, Муснаттан кийинки эң кеңири таанылган чыгармасы болуп саналат. Аль-Масаильдин түрдүү равилер тарабынан риваят кылынган бир канча варианты бар. Бул чыгармада, фыкх темасында жана ошондой эле башка темалардагы Ахмад Ибн Ханбалдын пикирлери окуучулары тарабынан топтолгон. Бул чыгармасынан сырткары, Ахмад Ибн Ханбалдын чыгармасы деп айтылган бир нече чыгарма дагы бар. Алар, Китабу Фадаил Аль-Сахаба, Китаб Аль-Илал жана Марифат Аль-Рижал, Китаб Аль-Салат, Китаб Аль-Фараиз сыяктуу чыгармалар. Ошондой эле такыбалык темасына байланыштуу Китаб Аль-Зүхд жана Китаб Аль-Вараъ деген чыгармалары да бар.

**Муснаттын пайда болуусу жана өзгөчөлөктөрү**

Муснад деген ат берилген хадис чыгармаларында, китепке алына турган хадистер, же аларды риваят кылган сахаба, же болбосо сахабадан кийинки равилерден биринин атына негизделип топтолот. Ушундай жол менен, мисалы Абу Хурайрадан Мухаммад Пайгамбардан риваят кылынган хадистер, кайсы темада болсо да, Абу Хурайра деген ат менен, Ибн Аббас айткан хадистер да Ибн Аббас деген ат менен топтолгон, мына ушундай жол менен түрдүү сахабилардын хадистеринен турган китеп жазылган. Муснад деген сөздүн, сөздүк мааниси "катарына киргизүү" деген мааниге келгенин эске алсак, Муснад түрүндөгү чыгармаларда, Мухаммад Пайгамбардан риваят кылынган хадистердин кайсы сахаби равилерине карап түзүлгөндүгү жана мындай түрдөгү чыгармаларга Муснад деп айтылгандыгы оңой эле түшүнүктүү болсо керек. Биринчи жолу Муснад жазган адамдын Абу Давуд эт-Таялиси (ө.203) экендиги да билинген чындык десек жаңылбайбыз.

Муснад түрүндөгү чыгармалар, алардан мурдагы кичине өлчөмдөгү хадис китептери менен кийинки мезгилдеги негизги

хадис чыгармаларынын ортосунда фундамент түзүп берген жана көпүрө кызматын аткарышкан. Ошондон улам, Муснаттар, кадыр-барктуу, сахих хадис китептеринин даражасынан бираз төмөн деп кабыл алынган. Баки Ибн Махлаттин бизге чейин жетип келгендиги белгисиз болгон Муснад деген чыгармасы өтө чоң көлөмдө экендиги айтылса да, Ахмад Ибн Ханбалдын чыгармасы биздин колубуздагы Муснад түрүндөгү эң чоң жана көлөмдүү чыгарманын бир үлгүсү десек жаңылбайбыз.

Хадис аалымдарынын арасында салтка айланып калгандай эле, Ахмад Ибн Ханбал да Мухаммад Пайгамбар өзүнүн пайгамбардык үгүттөөлөрүн баштаган жаш катары эсептелген кырк жашына чейин Мекке, Мадина, Басра жана Куфа сыяктуу бир нече билим борборлорун кыдырып, илим үйрөнгөн , барган жерлеринде хадис тыңдаган жана кийин жаза турган Муснад деген чыгармасына материал топтогон. Кырк жашка чыкканга чейин хадис риваят кылган эмес жана сабак да берген эмес. Хижрий 199-жылы Сана шаарындан Абдурраззактын жанынан кайтып келгенден кийин Муснатты жазуу үчүн даярдыктарын баштаган.

Ахмад Ибн Ханбалдын Муснадындагы бөлүмдөр алгач Ислам динине кызмат өтөгөндөрдүн даражасына жана кадыр-баркына жараша ээлеген ордуна карап, кийин урууларга, андан кийин географиялык өзгөчөлүгүнө тагыраак айтканда кээ бир сахабалар жашаган шаарларга жараша түзүлгөн. Алгачкы Муснаттар “Ашара-и Мубашшара (Бейишке кирүүсү сүйүнчүлөнгөн он сахаба)” менен аларга жакын сахабаларга таандык. Кийинки катарда “Ахл-и Байт (Мухаммад пайгамбардын үй-бүлөөсү)”, Бани Хашим уруусу турат. Ибн Масуд, Ибн Умар, Ибн Амр Ибн аль-Ас, Абу Рамса, Абу Хурайра, Абу Саид-и Худри, Анас Ибн Малик, Жабир Ибн Абдуллах болсо андан кийинки орунда турат. Аларды Меккелик, Мадиналык, Куфалык жана Басралыктар, Уммахат-и Муъминин (Момун-мусулмандардын энеси, б.а. Айша) Муснаттары менен аял сахабалардын хадистери жана аты белгисиз сахабалардын хадистери камтылган.[1]

Ахмад Ибн Ханбалдын Муснади, бизге чейин уулу Абдуллах Ибн Ахмад жана анын окуучусу Абу Бакр Ахмад Ибн Жафар аль-Катийдин риваяттары менен жетип келген. Ошондой

[1] Карап көрүңүз: Ахмад Ибн Ханбал, **Муснад,** Матабат аль-Исламия, Байрут шаары, басылган жылы жазылган эмес.

эле бул чыгарма, отуз миңге чейинки хадисти уулу Абдуллахтын атасынан укпаган болсо да, Вижада жолу менен чыгармага кошуп койгондугу жана ошондой эле окуучусу Абу Бакр аль-Катийнин бир нече хадисти кошумчалап коюсу менен жазылган. Бирок, Абдуллахтын Муснатка кошкон кошумчаларынын арасында суурулуп, көзгө көрүнгөн жагдай, бул албетте риваяттардын көбүндө "зайыф (дайиф, начар)", ал гана эмес "матрук" равилердин көп экендиги болуп саналат.[1]

Ахмад Ибн Ханбалдын өмүр таржымалына карап көргөнүбүздө, айрыкча Михна мезгили жана андан кийинки түрдүү кыйынчылыктардан улам чыгармасынын акыркы абалын толуктай албай калган. Мына ошондон улам да, чыгармасында орун алган кайталанган хадистерди жана зайф ал гана эмес жалган хадистерди иликтөөгө убактысы болгон эмес. Бул жагдайдагы Ибнул Жезердин төмөнкү риваяты бул теманы дагы да түшүнүктүү кылат: "Имам Ахмад, Муснад үчүн материал топтой баштады, бөлөк бөлөк кагаздарга жазды. Андан кийин бул кагаздардагы хадистерди ар түрдүү бөлүмдөргө бөлүштүрдү. Бирок чыгармасын бүтүрө электе, ажалы жакындаганын сезди жана ушул себептен улам аны тезинен балдарына жана үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө риваят кылды. Кийин уулу Абдуллах өзүнүн риваяттары менен башка риваяттарды да бул чыгармага кошуп жазды."[2]

Жогорудагы риваяттарга жана маалыматтарга таянып, Ариф Алкан, Муснатка акыркы түзүлүшүн бергендин уулу Абдуллах жана аль-Катий экендигин баса белгилеп өткөн.[3] Бирок төмөндө Муснаттын равилери жана көчүрмөлөрү темасында да айтып өтө тургандай, биздин колубуздагы Муснаттын акыркы түзүлүшүн бергендер, уулу Абдуллах жана аль-Катий деп айтуу,[4] кичине аша чапкандай болот деген ойдобуз.

**Муснаттын равилери жөнүндөгү кээ бир талкуулар**

---

[1] Карап көрүңүз: Ариф Алкан, **Ахмед Ибн Ханбелин Хадис Анлайышы ве Мүснед,** доктордук диссертация, Анкара Университети гуманитардык илимдер институту, Анкара шаары, 1997-ж., 101-бет.

[2] М. Хайри Кырбашоглу, **Ислам дүшүнжесинде хадис методоложиси,** Анкара Окулу басмасы, Анкара шаары, 2000-ж., 305-беттен алынган: Ибн аль-Жазарий, **аль-Масад аль-Ахмад фи Хатми Муснаду Имам Ахмад,** 30-бет.

[3] Ариф Алкан, **аталган чыгарма,** 97-бет.

[4] **Муснаттын** көчүрмөлөрү жөнүндөгү талкуулар үчүн карап көрүңүз: Ариф Алкан, **аталган чыгарма,** 116-118-бет.

Жогоруда да айтылып өткөндөй эле, бул чыгарманы бүтүндөй Ахмад Ибн Ханбалдын уулу Абдуллах (өлгөн жылы: 902-ж.), андан да бир гана Ахмад Ибн Жафар аль-Катий (өлгөн жылы: 978-ж.) риваят кылган.

Абдуллах Ибн Ахматтын өлгөн жылы 902-жыл деп эсептесек, аль-Катийнин, Абдуллах өлгөндө 16 жашта экендиги түшүнүктүү болот. Бирок аль-Катийнин айткан риваятына караганда “Абдуллах Ибн Ахмад бизге келет болчу, ага хадис окуп беришкен мезгилде мен анын кучагында отурат болчумун”[1] деген сөзү, анын мындан да жаш мезгиленен тартып хадис укканын далилдеп турат. Бул айтылгандардан тыянак чыгарган таанымал Түрк хадис изилдөөчүсү М. Хайри Кырбашоглу, анын Муснатты Абдуллахтан 16 жашта уккан деген вариантты туура деп эсептесе да, бул жагдайдын Муснад сыяктуу көлөмдүү чыгарманын риваяты үчүн өтө эле эрте жаш экенин да баса белгилеп айтып өткөн.[2] Ары жактан Катийнин колундагы Муснаттын көчүрмөсүндөгү кээ бир бөлүмдөр деңизге түшүп жоголуп кеткендиги, кемтик калган жерлерди болсо башка бир көчүрмөсүнөн алынып, көчүрүлүп, толукталган деп да айтылып жүрөт.[3]

Ошондой эле Муснатты аль-Катийден алып жаттаган жалгыз рави Хасан Ибн Али, Ибн аль-Музхибтин (925-1052-ж.) да өзүнүн устазы, же тагыраак айтканда аль-Катий көз жумганда болгону 13 (он үч) жашында болгондугу, хадис риваятында анчейин кылдат талап кылынбагандыгы, өзүнүн окуучусу Хатиб аль-Багдадий тарабынан да катуу сынга алынган. Хатиб аль-Багдадий, анын Абу Умар Ибн Махдий аркылуу айткан хадисин кабыл албастан, анын мындай хадиси жок экендигин айтканда, Ибн аль-Музхиб колунан калемин алып, Ибн Махдий деген аттын үстүнү калем менен өчүрүп койгон деп да айтылат. Ошондой эле, көбүнчө равилердин кайсы уруудан же кай жерден экендигин андан сурап туруп, андан кийин рави чынжырына аны кошуп коёрун айтып өтүү менен бирге, бул жасаганы тураа эмес экенин айтып эскертсе да, бул кылыгын таштабагандыгын баса белгилейт.[4]

Ибн аль-Музхибтен Муснаттын баарын бүтүндөй жаттап айткан дагы бир жалгыз рави Абу аль-Касым Хибатуллах Ибн

---

[1] Багдадий, **аталган чыгарма,** том-IV, 73-бет.
[2] Кырбашоглу, **аталган чыгарма,** 306-307-беттер.
[3] Багдадий, **аталган чыгарма,** том- IV, 74-бет.
[4] Багдадий, **аталган чыгарма,** том- VII, 391-бет.

Мухаммад Ибн аль-Хусайиндин (1040-1130-ж.) да устазы Ибн аль-Музхиб көз жумган мезгилде болгону 12 (он эки) жашта экендиги айдан ачык. Захабий, Ибн аль-Музхибтин өз оозу менен Хибатуллах Ибн Мухамматка Муснаттын 436-437-жылдарында окуп берген деп айтып өткөн. Мындай абалда, Ибн аль-Хусайиндин ошондо 4-5 жаштарында экендиги түшүнүктүү болгон.[1]

Ахмад Ибн Ханбалдын Муснад деген чыгармасын бизге чейин жетип келүүсүн камсыздаган равилердин риваят чынжыры төмөнкүдөй берилет:

Ахмад Ибн Ханбал (855-ж.)

↓

Абдуллах Ибн Ахмад (902-ж.)

↓

Ахмад Ибн Жафар аль-Катий (888-979-ж.)

↓

Ибн аль-Музхиб (965-1052-ж.)

↓

Хибатуллах Ибн Мухаммад (1040-1130-ж.)

↓

Мухаммад Ибн аль-Хушшаб — Ханбел Ибн Абдуллах

Жогорудагы схемада берилген равилердин туулган жана өлгөн жылын эске алып карап көргөндө, устазы менен окуучусунун ортосундагы жаш айырмасы оңой эле көрүнүп турат.

**Муснаттын көчүрмөлөрү**

Китепканалардагы Муснаттын кол жазмаларын карап көргөнүбүздө, айтылып жүргөн 150 (жүз элүү) чамасындагы Муснат кол жазмаларынын 12-кылымга чейин болгондордон эч биринин Муснаттын бүтүндөй баарын камтыбаганын көрсөк

[1] Захабий, **Сийару Аълам аль-Нубала,** том-XIX, 537-бет.

болот. 12-кылымга чейинки Муснат көчүрмөлөрү башаламан абалда болгон. Муснат көчүрмөлөрүнүн 12-кылымдан кийин толукталып, китеп болгондугу көзгө урунган негизги өзгөчөлүк десек жаңылбайбыз.

Кеттанинин айтканына караганда, жок болуп кетээр коркунучунда болгон Муснатты Абдуллах Ибн Салим аль-Басри (1640-1721-ж.) жыйнап, түзгөн. Андан кийинки бардык көчүрмөлөр, Абдуллах Ибн Салимдин ушул көчүрмөсүнө негизделип туш тарапка таркатылган.

Муснатты алгачкы басылган көчүрмөсү хижрий 1313 (1895)-жылы Египетте жарык көргөн жана Халабий басмасы катары кеңири таралган жана таанымал болгон көчүрмө болуп саналат. Бирок, азыр биздин колубуздагы Муснаттын кайсы Муснаттын кол жазуусуна таянып басылгандыгы тууралуу эч кандай маалымат берилген эмес.

Ахмад Мухаммад Шакир 1891-жылы Бомбай шаарында Матбаат ал-Хайдария басмаканасында Муснад аттуу чыгарманын басылып чыга баштаганын, бирок бүтүрө элек экендигин, колунда бул басмадан 190 бет дагы бар экендигин баса белгилеп кеткен.

**Муснатта Мавзу (ойлоп чыгарылган, чындыкка туура келбеген) хадистер жөнүндө**

Мурунтан бери Муснатта жалган (ойлоп чыгарылган) хадистер барбы же жокпу деген талкуу эски ислам аалымдары тарабынан да кызуу талкууланып келген. Муснатта жалган хадистер барбы же жокпу деп талкуу жүргүзгөндөрдүн жанында, анын ичинде көптөгөн жалган хадис бар дегендер да аз эмес.

Муснатта жалган хадистер жок деп Ибн аль-Жавзий менен Абу Ала аль-Хамаданий кызуу талкуу жүргүзүшкөн. Абдуррахман Ибн аль-Жавзий (өлгөн жылы:1200-ж.) болсо, аталган чыгармада жалган хадистер бар деген тезисти жактаган.[1] Ал жалган хадистер жөнүндө жазган аль-Мавзуаат аттуу чыгармасында Муснатта орун алган көптөгөн хадисти ойлоп чыгарылган, жалган деп баалаган. Муснатта жалган хадис жок дегендер болсо, аалымдарды сындашып, риваяттардын тууралыгын изилдеп чыгышкан эмес деп күнөөлөшөт.[2]

---

[1] Ахмад Ибн Абдулхалим Ибн Таймийя, **Мажму-у Фатва,** Матабиу аль-Рияд басмасы, Рияд шаары, 1381-хижра жылы (1961-62 ж.), том-1, 248-бет.

[2] Кырбашоглу, аталган чыгармасынын 311-бетинен алынды: Абу аль-Фараж Абдуррахман Ибн аль-Жавзий, **Сайд аль-Хатир,** Дар аль-Кутуб аль-Арабия басмасы, Байрут шаары, 1987-жыл, 397-398-беттер.

Муснатта орун алган жана жалган деп айтылган хадистерди өз өзүнчө изилдеп, хадис жана “санад” чынжырын илимий жактан сындоо өзүнчө макала боло турган тема болуп саналат.[1]

**Жыйынтык**

Ахмад Ибн Ханбал, хадис илиминде гана эмес, Ислам маданиятынын тарыхында да өтө чоң мааниге ээ болгон. Ал жашап өткөн доордун маданий атмосферасы жана төрөлүп өскөн чөйрөсү эске алынганда, Ислам маданияты гүлдөп өсүп турган мезгилге туш келген. Ахмад Ибн Ханбал жашап өткөн мезгилдеги михна окуясы, анын илимий личностунун калыптануусуна чоң салым кошкон. Бизге чейин жетип келген эң таанымал “Муснад” деген чыгармасында камтылган риваяттарды тандоодо, өзү менен замандаш кээ бир равилердин михна окуясында кайсы тарапта болгонун эске алган. Анын чыгармасынын зоболосунун көтөрүүлүсүндө Михна окуясынын өтө чоң ролу бар десек жаңылбайбыз.

Ислам дүйнөсүндө өтө чоң атак-даңкка ээ болгон “Муснад” деген чыгармасынын бизге чейин жетип келүүсүндө Ахмад Ибн Ханбалдын уулу Абдуллах жана окуучусу аль-Катийнин өтө чоң салымы бар. Ахмад Ибн Ханбал, чыгармасын толук бүтүрбөй көз жумгандыктан, уулу Абдуллах менен аль-Катий бул чыгармага кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизишкен. Ошондон улам чыгармага начар, ал гана эмес мавзу экендиги маалым болгон хадистер да кирген. Бул жагдайды кеңири изилдеп жана терең талдабастан, чыгармадагы кээ бир кемчилитерди уулу Абдуллах менен анын окуучусу аль-Катийге жүктөп коюу туура эмес. Ошондой эле, риваяттардын илимий абалын анализдегенде, “Муснад” түрүндөгү чыгармаларда толугу менен “Сахих” хадистерди камтууну көздөбөгөндүгүн да эске алуу керек.[2]

Муснад сыяктуу чыгарманын терең изилденүүсү, анын зоболосу көтөрүлгөн мезгилин кылдаттык менен талдануусу

---

[1] Бул жагдайдагы талкуулар үчүн карап көрүңүз: Ариф Алкан, **аталган чыгарма,** 138-162-беттер; Кырбашоглу, **аталган чыгарма,** 305-320-беттер; Явуз Көкташ, **"Кадария ве Муржия иле илгили Хадсилерин дегерлендирмеси",** Хадис Теткиклери журналы, том-1, 2-чыгарылыш, 2003-ж.

[2] Бул тема тууралу талкуу үчүн карап көрүңүз: Д. В. Ермаков, **“Правитель и община в Муснаде Ибн Ханбала"** Ислам: Религия, общество, государство; Москва шаары, "Наука" басмасы, 1984-ж., 212-216-беттер.

хадис илими үчүн өтө чоң мааниге ээ. Ошондой эле Ханбалий мазхабынын кандайча пайда болгондугун, тарихий себетерин жана жайылуусун анализдөө үчүн да Ахмад Ибн Ханбалдын чыгармалары маанилүү булак болуп эсептелет. Бул эмгегибиз ушул жаатта жүргүзүлө турган илимий изилдөөлөрдүн башаты болуп, өлкөбүздөгү Ортоңку Чыгыш жана Ислам маданияты тарыхын изилдөөлөргө салым кошот деген үмүттөбүз.

**Conclusion**

Ahmed b. Hanbel is a personality, having a significant place not only in the knowledge of hadith, but also in the History of Islam Culture. Considering both the cultural atmosphere of his era and the environment where he was born and lived, it is seen that it corresponds to an era when the Islam Civilization was at its peak. It is possible to say that the Mihna Event that had happened in the era when Ahmed b. Hanbel lived engraved in his character and scientific personality. It was seen that he partly recognized the attitudes of some *ravis* (narrators of hadiths) in the era of Mihna, as he was choosing the hadiths that he would include in his opus magnum, Musned. As the process of his and his work's gaining recognition is the subject of another study, it is possible to say that the Mihna Process contributed a great characteristic to both Ahmed b. Hanbel and his work.

Abdullah, son of Ibn Hanbel, and his student el-Katiî have great contributions that Musned, which is highly respected in the Islamic world, reached the present day. That Ahmed b. Hanbel approached to the end of his life without concluding his work caused Abdullah and el-Katiî to make some interpretations on the work, yet these interpretations also brought many disputes together with themselves; it was claimed that there were weak or even false hadiths. It is also necessary to mention that in our opinion, it would be wrong to hold only Abdullah and his student el-Katiî responsible of the issues in the work, without conducting a research in detail. Moreover, while the issue of the hadiths' authenticity is discussed, it is beneficial to consider the factor that an objective like including the authentic hadiths, occurring in the works similar to Musned, cannot be pursued.

In the History of Islamic Philosophy, there are very severe impacts of the era of disorder, which started with the martyrdom of Osman ibn Affan, and the social turmoil in the era of Umayyad Caliphate. It is possible to observe the projections of the political and ideological movements and the disputes in relation to the Islamic Jurisprudence and to wording in the structures of sects about the

Islamic Jurisprudence and Theology, which began to be molded around a specific notion. In such an environment, it could not be thought that the tradition of hadith, which occurred after being triggered by similar incidents, was not also affected by this circumstance. There was a versatile of projections onto the literature of hadith in this era. Beginning with the issues such as the transformation of caliphate into a sultanate, the discussions of Imamate/Caliphate, attempts to prevent migrations developed due to economic, social and political reasons, human liberty and destiny created the subject projections by being formed into hadith, in time.

**Колдонулган булактар:**

Абу Абдуллах Мухаммад Ибн Язид Ибн Маъже, **Сунан,** Дару ихя аль-кутуби аль-Арабия басмасы, Египет, 1952-ж.

Абу аль-Фараж Абдуррахман Ибн аль-Жавзий, **Манакиб аль-Имам Ахмад Ибн Ханбал,** Матбаату аль-саада басмасы, Египет, басылган жылы жазылган эмес.

Авжы, Жасым, **"Курайш"** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, Анкара шаары, 2002-ж., том-26.

Алкан, Ариф, **Ахмад Ибн Ханбалин Хадис Анлайышы ве Муснад,** доктордук диссертация, Анкара Университети гуманитардык илимдер институту, 1997-ж.

Аль-Багдадий, Абу Бакр аль-Хатиб Ахмад Ибн Али Ибн Сабит Хатиб, Тариху Багдад ав Мадинату аль-салам, Дару аль-кутуби аль-илмия басмасы, Байрут шаары, басылган жылы жазылган эмес.

Аль-Захабий, Шамсаддин Мухаммад Ибн Ахмад Ибн Усман, Сийару Аълам аль-Нубала, Муассасат аль-Рисала басмасы, Байрут шаары, 1982-ж.

Ахмад Ибн Ханбал, **Муснад**, Байрут шаары, Матабат аль-Исламия басмасы, басылган жылы жазылган эмес.

Багжы, Х. Муса, **Инсан кадери: Хадислерин телкин этииги кадер анлайышы,** "Анкара окулу" басмасы, Анкара шаары, 2009-ж.

Велхаузн, Юлиус, (Wellhausen, Julius) **Арап девлети ве сукуту,** (Түрк тилине которгон: Фикрет Ышылтан) Анкара университети Теология факультети басмасы, Анкара шаары, 1963-ж.

Ермаков, Дмитрий Владимирович, **"Правитель и община в Муснаде Ибн Ханбала"** Ислам: Религия, общество, государство; Москва шаары, "Наука" басмасы, 1984-ж.

Ибн Манзур, Абу аль-Фазыл Мухаммад Ибн Мукаррам Ибн Али аль-Ансарий, **Лисан аль-Араб,** Дару Садр басмасы, Байрут шаары, 1956-ж.

Ибн Таймия, Ахмад Ибн Абдулхалим, **Мажмуъ Фатава,** Матабиу аль-Рияд басмасы, Рияд шаары, 1962-ж.

Ибн Хажар аль-Аскаланий, аль-**Кавлу аль-Мусаддад фи аль-Забби ан аль-Муснад аль-Имам Ахмад,** Мактабату Ибн Таймия басмасы, Каир шаары, Хижра жылсанагы боюнча 1401- ж (1980-ж.).

Йылдыз, Хаккы Дурсун, **"Аббасийлер"** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, Станбул шаары, том-1, 1989-ж.

Кандемир, М. Яшар, **“Ахмад Ибн Ханбал”** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, том-1, Станбул шаары, 1989-ж.

Кандемир, М. Яшар, **“Муснад”** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, том-32, Станбул шаары, 2006-ж.

Кожа, Ферхат, **Ахмад Ибн Ханбал,** Туркия диянет фонду басмасы, Анкара шаары, 2008-ж.

Кочйигит, Талат, **Хадис Тарыхы,** Туркия диянет фонду басмасы, Анкара шаары, 2007-ж.

Кочйигит, Талат, **Хадис Усулу,** Туркия диянет фонду басмасы, Анкара шаары, 1997-ж.

Көкташ, Явуз, **“Кадерия ве Муржия иле илгили хадислерин дегерлендирмеси”** Хадис Теткиклери журналы, том-1, 2-басылыш, 2003-ж.

Күчүкашчы, Мустафа Сабри, **"Харре Савашы"** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, Станбул шаары, том-16, 1997-ж.

Кырбашоглу, Мехмет Хайри, **Ислам дүшүнжесинде Хадис методоложиси,** "Анкара Окулу" басмасы, Анкара шаары, 2000-ж.

М. Генри Лаоуст (M. Henri Laoust), **“Ахмад Ибн Ханбал”** Француз тилинен которгон: Исмет Кая уулу, Диянет илмий журналы, том-XVI, 1-чыгарылыш.

Өз, Мустафа, **“Рафизийлер”** Ислам Энциклопедиясы, Туркия диянет фонду басмасы, Станбул шаары, том-34, 2007-ж.

Өзафшар, Мехмет Эмин, **Идеоложик хадисчилигин тарихий арка планы: Михне олайы ве хашевие олгусу,** Анкара Окулу басмасы, Анлара шаары, 1999-ж.

Паттон, Волтерь М. (Patton, Walter M.), **Ahmed Ibn Hanbal and the Mihna,** E. J. Brill басмасы, Лейден шаары, 1897-ж.

Табарий, Абу Жафар Ибн Жарир Мухаммад Ибн Жарир Ибн Язид, **Тарих аль-Табарий: Тарих аль-Умам ва аль-Мулук,** Дару Сувайдан басмасы, Байрут шаары, басылган жылы жазылган эмес.

Угур, Мүжтеба, **Ансиклопедик хадис теримлери сөзлүгү,** Туркия диянет фонду басмасы, Анкара шаары, 1992-ж.

Үнал, Исмаил Хаккы, **“Шехирлерин фазилетийле илгили уйдурма хадислер ве Хайру аль-булдан рисалеси”** Анкара университети Теология факультети журналы, 41-басылыш, 2000-ж.

Хатибоглы, М. Саит, “**Исламда илк сиясий кавмиетчилик: Хилафетин курейшийлиги”** Анкара Университети Теология факультетинин илмий журналы, 23-басылыш.

Хатибоглы, М. Саит, **Хазрети пейгамберин вефатындан эмевийлеин сонуна кадар сиясий-ижтимаий хадиселерле хадис мүнасебетлери,** доценттик диссертация, Анкара шаары, 1967-ж.